# ТАКТАМА

Кара-Суу шаары 30.04.2024-ж.

Кара-Суу районунун прокурорунун орун басары С.Чыбышев, Кара-Суу РИИБнун ТКнун тергөөчүсү Э.Жапаров тарабынан кылмыш иш козгоодон баш тартылган 02-034-2024-001959 сандуу өндүрүш материалын көзөмөл иретинде окуп чыгып, төмөндөгүлөрдү аныктадым.

2024-жылдын 28-апрель күнү саат 18:49 да Интернет булактарынын “Фейзбук” баракчасынаы Рахманова Айнура аты менен катталган жаран өзүнүн баракчасына Кара-Суу районунун Кашкар-Кыштак айылындагы №5205 шайлоо участкасында, Кашкар-Кыштак айыл аймагынын Ю.Гаипов көчөсүнүн №78-үйүнүн тургуну 19.03.1964-ж.т. Раимбаева Махпузахан Моминжановнаны шайлоо участкасына кирген жеринен уюлдук кол телефонунун видео камерасына видео тасмага тартып “мына эже үчүнчү жолу адамдарды ташып, ээрчитип шайлоого алып келип жатат, байкоочулар деле унчукпай олтурат” деп сүйлөп, өзүнүн фейзбук баракчасына жарыялагандыгы аныкталган.

Бул маалымат, Кара-Суу РИИБдин КБРдин МЭЖне 28.04.2024-жылы саат 19:36 чамасында 02-034-2024-001959 саны менен каттоого алынган.

Текшерүүнүн жыйынтыгы менен аталган материал боюнча көрсөтүлгөн окуяда эч кандай кылмыштын курамы аныкталбагандыгына байланыштуу 28.04.2024-жылы аталган бөлүмдүн тергөөчүсү Э.Жапаров тарабынан Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-бер. 1-б. 2-п. кылмыш иш козгоодон баш тартуу токтому кабыл алынган.

Андыктан, аталган материал боюнча тергөөгө чейинки текшерүү иштери Кыргыз Республикасынын КЖПКнин талаптарын сактоо менен жүргүзүлгөн, негиздүү жана мыйзамдуу, бузууга негиз жок.

Кара-Суу районунун прокурорунун
орун басары С.Чыбышев

Сканировано с CamScanner